УДК: 894.2.341. (043.3)

**Мусаева Т. С.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

## ОБЪЕКТИВДҮҮ ЖАНА АКСИОЛОГИЯЛЫК НОРМА МАСЕЛЕСИ

**Мусаева Т. С.**
кандидат филологических наук, доцент
*Кыргызско-Турецкий университет «Манас»*

## ПРОБЛЕМА ОБЪЕКТИВНОЙ И АКСИОЛОГИЧЕСКОЙ НОРМЫ

**Musaeva T. S.**
candidate of philological sciences,
associate professor
*kyrgyz-Turkish Manas University*

## THE PROBLEM OF OBJECTIVE AND AXIOLOGICAL NORMS

**Аннотация.** Тилдик норма, адабий норма жөнүндөгү маселенин илимий-теориялык өңүттө каралышы бүгүнкү күндө кыргыз тил илиминде жаңыдан гана колго алына баштады. Макалада норманын адабий тил деген формасына эмес, жалпы эле табигий тилдин керт башына, анын ар кандай формаларына мүнөздүү көп кырдуу көрүнүш экендиги жөнүндөгү маселе кыскача талкууга алынуу менен, тилдик норманын объективдүүлүгү жана анын баалоочулук мүнөзгө ээ экендиги белгиленет.

**Негизги сөздөр:** улуттук доор, адабий тил, тилдик норма, кыргыз тили, кыргыз тил илими, диалект.

**Аннотация.** Изучение вопроса о языковой норме, литературной норме в научно-теоретическом аспекте на сегодняшний день только начинается в кыргызском языкознании. В статье рассматривается объективность языковой нормы и ее оценочный характер, с кратким обсуждением вопроса о том, является ли норма многогранным явлением, свойственным не только литературному языку и его различным формам, но и естественному языку в целом.

**Ключевые слова:** национальная эпоха, литературный язык, языковая норма, кыргызский язык, кыргызское языкознание, диалект.

**Annotation.** The study of the question of the linguistic norm, the literary norm in the scientific and theoretical aspect is currently just beginning in Kyrgyz linguistics. The article examines the objectivity of the linguistic norm and its evaluative nature, with a brief discussion of whether the norm is a multifaceted phenomenon peculiar not only to literary language and its various forms, but also to natural language as a whole.

**Keywords:** national epoch, literary language, linguistic norm, Kyrgyz language, Kyrgyz linguistics, dialect.

Албетте, адабий тил жандуу элдик тилден, анын башка диалектилик, интердиалектилик, наддиалектилик формаларынан айрымаланып, белгилүү өлчөмдө "жол-куйругу таралган", "жасалгаланган" "оңдоп-түзөтүлгөн" тил экендигине шек жок. Бирок бул жагдай улуттук доордогу улуттук адабий тилдин башка жаңы белгилерге, жаңы касиеттерге ээ болуп өркүндөшүн камсыз кылуу менен эле бирге, анын объективдүүлүгүн, генетикалык жактан ар түрдүү "тилдердин" элменттери өз ара жуурулушкан гетерогендик мүнөздө болоорун айгинелейт.

Арийне, жогор жакта белгилегендей, бул жерде дагы биздин түшүнүгүбүздө норма адабий тилдин гана жеке өзүнө мүнөздүү белги, касиет эмес, ал адабий тилге кандай мүнөздүү, тиешелүү болсо, тилдин калган формаларына да так ошондой эле мүнөздүү кубулуш, бирок тилдин жашоо формаларынын ар кайсынысынын нормасы ар башка, ар түрдүү болот, баарына бирдей норма болбойт. Ошондуктан диалектинин нормасы, жалпы элдик тилдин нормасы, оозеки адабий тилдин нормасы, жазма адабий тилдин нормасы, улуттук доордогу адабий тилдин нормасы деген "нормалар"

илимий адабияттарда жиктеле каралып жүргөндүгү белгилүү. Бирок бул "нормалар" бири-биринен структура-грамматикалык касиеттери боюнча да, жаралуу принциптери боюнча да, колдонулуу мүнөзү боюнча да жана туруктуу, өзгөрүлмөлүү, объективдүү, субъективдүү, катаңдык, бошоңдук белгилери боюнча да айрымаланышат.

Ушул жерде биз маанилүү бир фактыны дагы бир ирет констатация кылууга мажбур болобуз, б.а тилдик жалпы табигый норма менен анын сырттан таасир этүүнүн натыйжасында жаңы жаралган туунду нормалары жөнүндөгү маселеге кайрылууга туш болобуз. Тээ байыркы мезгилдерде эле грек филологдору нормалашкан койнени, диалектини эч ким атайылап түзбөйт, алар өздөрү түзүлөт. Булар жандуу, эркин тилдер, ошондуктан аларды эл колдонгондо, зарыл тилдик элемент-бирдиктерди бирде тигил, бирде бул, бирде айылдык, бирде шаардык жергиликтүү тилдерден ала беришет, ошентип аларда аралашуу акырындап жүрө берет, бул бара-бара элди бириктирет, диалектилерди аралаштырат деген ойду билдиришкен. Жогору жакта белгилегендей, жалпы тилдин айрым "тилдеринде" норма ошол "тилдердин" өзүнүн өнүгүү жолуда эч кимдин сырттан таасир этүүсүнүн натыйжасы жок эле табигый түрдө жаралып, өнүгүп отурат, анын жаралышы, өнүгүшү объективдүү тубаса болот. Ал эми айрым "тилдерде" норманын белгилери сырттан таасир этүүнүн негизинде жаңы жаралып, ал аксиологиялык мүнөздөгү субъективдүүлүктүн натыйжасындагы туунду норма болуп саналат. Сырттан таасир этүүнүн негизинде жаңы жаралып, аксиологиялык мүнөздөгү субъективдүүлүктүн натыйжасындагы туунду норма стандарттуу калыпка түшкөн адабий тилге гана мүнөздү, адабий тилдин гана нормасы ушундай норма боло алат. Ал эми диалект-говорлордун, интердиалектилердин, жалпы элдик тилдин, жалпы эл сүйлөгөн жашоо-турмуштук оозеки тилдин нормалары табигый түрдө эле жаралган, өнүгүп келген, объективдүү калыптанган нормалардан болот. Муну, б.а. табыйгый норма менен туунду норманы, туруктуу норма менен өзгөрүлмөлүү норманы, бошоң норма менен катаң норманы бири-биринен так жиктеп түшүнү өтө маанилүү жана буларды чаташтырып кароого болбойт.

Тилекке карышы, көпчүлүк адабияттарда норманы мындайча жиктеп түшүнүү кездешпейт. Жөн гана "норма" "норма"деп жаза беребиз, бирок норма деген эмне экендиги жөнүндө ойлоп да койбойбуз. Ушу "нормалар" бизге табыйгый нерселердей эле туюлат. Маселен, карап көрөлүчү: эгерде айрым бир изилдөөчүлүлөр түшүндүрүп жүргөндөй норма адабий тилге гана мүнөздүү, анын гана адабий тил экендигин көрсөтүп турган негизги белги болсо, адабий тил жарала электеги "тилдердин" өкүлдөрү – ар кайсы аймак-территорияда жашагандар, ар кайсы этностук урук-уруулар, адабий тил жарала электеги өздөрүн кыргыздарбыз деп эсептегендер бирин-бири кантип түшүнүштү, ал гана эмес адбий тилибиз жаралганга чейинки диалектиде сүйлөйт дегендер, адабий тилде жазганды, окуганды билбеген улуу муундун өкүлдөрү эгерде алар үчүн орток тилдик жалпы, объекттивдүү табигый норма болбосо, бири-бирин түшүнөт беле, өз жеринин, өз уруусунун гана тилинде – диалектисинде сүйлөгөн улуу муундун өкүлдөрү, эмне "1924-жылдан кийин жаралган кыргыз адабий тилинин" түшүнбөй жүрүштүбү. Жок, алар бүгүнкү биздей эле түшүнүп, биздей эле сүйлөшкөн, а түгүл бүгүнкү бизден мыкты түшүнүшүп, мыкты сүйлөшкөн, буга ким макул болбой, башкача дей алат. Эмне үчүн, анткени алар жалпы кыргыз тилинин жалпы тилдик нормасын, объективдүү табигый калыптанган туруктуу нормасынын негизинде, узустук нормасынын негизинде түшүнүшкөн, ошол норманын негизинде сүйлөшкөн, пикир алышкан. Алар үчүн жалпы тилдик норма табыйгый, объективдүү болгон. Бизчилеп норма жөнүндө ойлоп да коюшпаган. Бирок узустук мүнөздө биринбири туурап, оңдоп, тактап сүйлөп келишкен. 1924-жылдан кийин биз тилчилер "баш болгон" интеллигенция өкүлдөрү көрсөткөн, жазган нормаларды билбей, укпай, карабай туруп эле айылдагылар, жер-жердегилер өз ара мыкты сүйлөшкөндүгү, жагымдуу, туура, көркөм, уккулуктуу сүйлөшкөндүгү жалганбы, биз ошол улуу муундун – адабий тилде окубаган "билимсиз" муундун кепсөзүн угуп, ошого аралашып, алардын кепсөзүнөн үлгү алып жашабадыкпы. Демек, мындан эмнени көрүүгө болот?..

Тилдик нормага, адабий тилдин нормасы дегенге, адабий тил дегендин өзүнө формалдык, схематчно мамиле кылуу таптакыр бир жактуу, туура эмес экендигин көрөбүз. Норма адабий тилге гана мүнөздүү, ага гана тиешелүү деген туура

эмес көзкараш калыптанып калганын көрөбүз. Норма – жалпы эле тилге, анын баардык жашоо формаларына мүнөздүү көрүнүш. Бирок ар биринин өз өзгөчөлүгүнө ылайык өз нормалары болот. Ушул өз-өзүнө ылайык нормалары биригип жалпы тилдик норманы жаратат, жалпы тилдик норманын биримдигин жаратат. Эгерде ушул тилдик "нормалардын" жалпы биримдиги болбосо, бир тил экендиги билинмек эмес, бир тил экендиги билинбесе, этностук топтор-уруулар бирин-бири түшүнүшмөк эмес, булар бири-бирин түшүнүшпөсө, этностук биримдик жаралмак эмес, тилдик бир этноско биригүү, өздөрүн бир этностук тилдин өкүлү катары санашмак, сезишмек эмес. Ошондуктан жалпы тилдик биримдиктеги норма менен ошол жапы тилдин жашоо формалары болгон "жеке-жеке тилдердин": диалект интердиалект, наддиалекти, жалпы элдик тил, оозеки адабий тил, жазма адабий тилдердин нормаларынын өз ара карым-катышын аныктоодо жөн эле норма, норма дей бербей, ал нормалардын кайсыл белгилери табыйгый, объективдүү ички тубаса белгилер, кайсы белгилери акыл-эстүү, аң-сезимдүү түрдө тилге, анын нормасына сырттан таасир этүү ишмердигинин негизинде пайда болгон субъективдүү, туунду, өзгөрүлмөлүү белгилер катары норманы нормалаштыруу аракет-ишмердигинин негизинде жаралды, өнүгүп жатат жана калыптанат так, жеткиликтүү, туура аныкташыбыз керек.

Байыркы мезгилдеги утуттук доорго чейинки норма, нормалык белгилер жөнүндө айтпай эле койолу, кечээки эле улуттук доордогу кыргыз улуттук адабий тилибиз жаралды деп жүргөн учурларыбызда ушул адабий тилибиздин нормалары, мейли орфографиялык, мейли алфавиттик, мейли лексикалык, мейли морфологиялык, мейли синтаксистик болсун, "жасалма", биз сунуштаган субъективдүү, туунду өзгөрүлмөлүү нормалар кандай өзгөрдү, канча жолу өзгөрттүк. Мына ушунун өзү эле адабий тилдик норманын субъективдүү, өзгөрүлмөлүү, туунду экендигин, ага сырттан таасир этүү өтө күчтүү экендигин көрсөтүп турат го. Бул жерде тилдин өзүнө таасир этүү менен жалпы тилдик нормага, адабий тилдик нормага таасир этүү дегенди чаташтырууга болбойт. Тил мурдагылардын айтканындай айтам, мурдакылар сүйлөгөндөй сүйлөйм, аларды туурап сүйлөйм деген салтка, традициага негизделген. Ошон үчүн кыргыз тили тээ ал мустак замандан бери кыргыз урууларынын биримдигинен түзүлгөн кыргыз элинин тили катары колдонулуп келатат. Ушул туруктуу колдонулуп келген кыргыз тилинин жана анын табигый нормасынын базасында, анын жалпы элдик белгилеринин негизинде улуттук доорго чейинки оозеки адабий тили жаралса, анын ошол статусуна жараша нормасы калыптанса, улуттук доордогу жагдай, коомдук-тарыхый шартка жараша кыргыз улуттук адабий тили жана анын нормасы жаралып өнүгүү, өркүндөө жолуна түштү жана калыптануу процессин башынан кечирип жатат.

Менимче, ушул айтылгандар бүгүнкү күнгө чейин илимий-теориялык адабияттарда анча ачык жиктелип каралбаган, бирок айрым чоң-чоң окумуштуулардын изилдөөлөрүндө учкай айтылып келген, ал эми кыргыз тил илиминде деги эле сөз боло элек жогорку жагдайдын өзгөчө мааниге ээ экендигин баса белгилегим келет, б.а. бирин-бири толуктап турган, өздөрүнүн генезисттик табияты боюнча өз ара бири-биринен айрымаланып турган жана бири объективдүү, тубаса, туруктуу, бири субъективдүү, сырткы таасирдин негизинде жаралган туунду, өзгөрмөлүү, бирок бир эле тилдин системасында жана структурасында бирге катар колдонулган, катар жашаган, бири ачык көрүнбөгөн, ачык сезилбеген, бири ачык көрүнүп, ачык эле сезилген эки типтеги норманы бөлүп кароонун өтө маанилүү экендигин баса белгилегим келет: мунун бири – жалпы кыргыз тилине тиешелүү тилдик табигый туруктуу норма; экинчиси – кыргыз улуттук адабий тилге тиешелүү сырткы таасирден жаралган туунду өзгөрүлмө норма. Норма жөнүндөгү маселеде ушул эки жагдай жетекчиликке алынып талдоо жүргүзүлсө, норманын маңыз-мааниси, табияты так аныкталат.

Норма жалпы тилдик түшүнүк катары ал жеке нормалардын өзара карым-катышынан жана алардын биримдигинен түзүлөт. Жалпы тилдик норманын гетерогендик мүнөзү анын жеке-жеке нормалардын өзара карым-катышы аркылуу уюшулаарын көрсөтөт, ошону менен эле бирге улуттук доордогу адабий тилдин статусу коомдун адабий тилдик нормаларын нормалаштыруу ишмердигин талап кылат. Нормалаштыруу ишмердигисиз жана ошол норманы кодификациялоосуз улуттук доордогу кыргыз адабий тили улуттук тилдин эң жогорку формасына көтөрүлө албайт. Так ушул

улуттук доордо кыргыз элинин улутка айланышы менен улуттук доорго чейинки кыргыз оозеки адабиий тилинин базасында кыргыз улуттук жазма адабий тили жаралып, ушул улуттук коом улуттук жазма адабий тилдин полифункционалдык, поливаленттик тил катары колдонулушуна чоң зарылчылык жаратты. Ушул шартта бирдиктүү нормага ээ, жалпыга бирдей түшүнүктүү колдонулган, жаңы жаралып өнүгүү жолуна түшкөн, коомдук мамилелерди тейлеп-тескөөгө жарамдуу жалпы нормалашкан адабий тилге болгон муктаждык күчөдү, нормализацияланган норманы кодификациалоо талабы коюла баштады. Ушу мезгилде тилдик колдонууларды иретке келтирүү менен байланышкан аң-сезимдүү, акыл-эстүүлүк менен тилге таасир эте турган нормализатордук иштер баштады.

Улуттук жазмасы жаңы жаралган кыргыз тили улуттук доордун алгачкы мезгилинде оозеки тилдик фомада жазыла берди. Бара-бара мурдатан калыптанып калган оозеки тилдик форма менен жаңыдан жаралган улуттук жазуунун жаңы формасынын ортосунда ажырым жарала баштады, "эки тилдин" ички структурасындагы ажырым ачык сезилип, андагы ар кандай варианттар, парадигматикалык ар түрдүүлүк, дублеттердин көбөйүшү сыяктуу көрүнүштөр арбый бергени белгилүү. Ушундай кырдаалда адабий тилдин ички структурасын иретке келтирүү, тартипке салуу (упорядоченность), регламенттөө, кодификациялоо ишмердиктеринин алгачкы аракеттери көрүлө баштады. Ачык айтыш керек, улуттук доордун алгачкы учурларында бул иштерге убакыт да, билимдүүлөр дагы жана, эң негизгиси, кадырдык да жетишпегендик ачык сезилип турду. Ошондуктан адабий тилдин нормасын нормалаштыруу, аны кодификациялоо менен байланышкан иштер адегенде мерчемделген багытта эмес, практикалык зарыл иштерди чечүү менен коштолгон стихиялык мүнөздө жүрдү. Көп маселе терең изилденбей, кеңири каралбай билим берүүгө, сабатсыздыкты жоюга карата көтөрүлгөн таза практикалык иштерди аткаруу менен улантылды. Ушундай коомдук-тарыхый, социолингвистикалык кырдаалда унификация, упорядоченность, регламентация, нормализация, кодификация иштерине киришүүнү, улуттук адабий тилге аң-сезимдүү, акыл-эстүүлүк менен сырттан таасир этүүнү ошол мезгил өзү, объективдүү шарт, тилдик кырдаал талап кылып турду.

Арийне, тилдик тигил же бул көрүнүштү тилдик нормага жатат деп тандап-иргөө, нормализация процессинин өзү өтө татаал кырдаалда жүрдү. Бул иш бир нормализатор менен экинчи нормализаторду кагылыштырган процесс болгону талашсыз. Тил курулушуна байланыштуу маселелер ал кезде канчалаган адамды "эл душманы", бири-бирине каршылаштырып, "буржуазиялык улутчул" кылды. Анткени коомубуз бир кылка эмес болчу, улуттун, улуттук маданияттын, улуттук тилдин кызыкчылыгын көздөгөндөр, маселенин маңызын туура түшүнгөндөр менен улут безерлер, бирин-бири көрө албагандар, империянын стратегиялык саясатына баш уруп, өз улутунун кызыкчылыгын саткандар да ал мезгилде жетишээрлик болгон. Улуттук кыргыз тили, тил курулушу жалпы эле маданий курулуш маселелери ошол мезгилдерде бирин-бири жыга чабуунун куралына айланган. Ушул саясий идеологиянын курамындагы, башкасын айтпаганда да Эшенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов аталарыбыз болду, кийинчирээк Болот Юнусалиев агайыбыз улутчулдуктун азабын тартты (бул жерге тилге гана байланыштуу ушу үчөөнү келтирдим). Эгерде Эшенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов сыяктуу аталар улуттук доордун 30-40-жылдарындагы айыгышкан идеалогиялык кармаштын, улуттук кыргыз тилине карата болгон мамиле-күрөштөрдүн, "тигил же бул сөздү кыргызча айтабызбы же орус тилинде кандай болсо, ошондой айтып, ошондой жазабызбы", орус тилиндеги сөздөрдүн кыргызча айтылышы бар болсо, аларды кыргызча которуп берели деген аракети үчүн жана "даның болсо ороодо, коюң семиз короондо" деген макалды кыргыз тили боюнча жазган китебине киргизгендиги сыяктуу маселенин тегерегиндеги саясий-идеологиялык талаш-тартыштын курмандыгына айланышып, эртерээк көздөрү тазаланган.

Б. М. Юнусалиев агай "Октябрь революциясына чейин кабыл алынган сөздөр ошол калыбында айтылып, ошол калыбында жазылышы керек"- деп койгон [3; 4] нормализаторлук аракети үчүн философ А. Алтымышбаев баш болгон мамлекеттик машинанын "кулдары" тарабынан 60-жылдарга чейин улутчул аталып куугунтукталып келди. Канча жолу

кызматынан алынды, үй камагында отурду, 57 жашында 1970-жылы дүйнө салды... Мына, кыргыз жергесине келген тил курулушу, андагы нормализаторлук аракет, кодификация ушундай трагедия менен коштолду...

Улуттук доорго чейинки мезгилдерден бери түзүлүп келаткан тилдик кырдаалда тилдин жашоо формалары (диалект, интердиалект, наддиалект, жалпы элдик тил, оозеки адабий тил) белгилүү даражада социалдык шартталгандыкка ээ болот. Бул улуттук доордогу кыргыз улуттук адабий тилинин алгачкы мезгилине өтө мүнөздүү көрүнүш болгон. Ким эмне сүйлөсө, эмне жазса өз говорунда, өз диалектисинде сүйлөгөн, жазган, билимдүүлөр өз билим деңгээлине жараша сүйлөп, жазган, билимсиздер "билимсиз" сүйлөгөн. Так ушундай тилдик кырдаалдан эртерээк арылуунун иштиктүү жолу катары кыргыз улуттук адабий тилинин нормасын нормалаштыруу, тилге акыл-эс, аң-сезимдүүлүк менен сырттан таасир этүү ишмердигине өзгөчө басым коюлуп, көңүл бурула баштады. Мунсуз кыргыз тилин улуттук адабий тил деңгээлине көтөрүп, учурунда К. Тыныстанов эңсеген "бир жолго салуу" мүмкүн эмес экендиги ачык сезилип, ачык айтыла баштаган [2]. Адабий тилди "бир жолго салуу", эң алды, тилдик элемент бирдиктерди тандап-тескөө, иргеп-ылгоо (отбор) менен байланыштуу. Бул нормализация процессинин башталышы болот. Улуттук доордогу кыргыз адабий тилине мүнөздүү белгилердин башы – ушу аң-сезимдүү нормализация. Андан кийинки этап – ошол нормализация процессинде сунушталган, нормага туура келет, нормага жатат деген элементтерди баалоо, бекитүү, реализациялоо менен байланышкан кодификация.

Белгилеп коюу керек, ушул эки механизм – нормализация жана кодификация улуттук доордогу кыргыз улуттук адабий тилин стандартташтыра турган, сырттан кире турган элементтердин, диалектилик өзгөчөлүктөрдүн адабий тилге өтүшүн, киришин тескей турган, элей турган, чыпкалай турган механизм, тилдик элемент-бирдиктерди адабий норманын алкагында кармай турган механизм. Диалектизмдер, тилдеги жаңы жаралуулар адабий тилдик норманын алкагына шак эле өтө алышпайт. Адегенде булар өөн учурап, жаңы жаралуулар катадай, нормага төп келбегендей көрүнүп, анда-санда жазуу формаларында кездеше калып, бир топ аракеттен, "обкаткадан" өтүп, анан адабий тилдик норманын алкагына киргенге мүмкүнчүлүк жарала баштайт.

Адатта, "норма консервативдүү болот" деген жүйөө менен, кээде жаңы жаралган, тилдик өнүгүүнүн кийинки тенденциясына төп келе турган тилдик элементтер бир топко чейин коомдун айрым бир мүчөлөрү тарабынан четке кагылып жүргөн жагдайлар да болот. Алардын аргументтери: "көнүп калдык", "норма туруктуу болуш керек".

Туура, көнүп калсаң, ката нерсе да туурадай сезиле берет, туура, норма да, адабий тилдин бирдик элементтери да туруктуу болуш керек. Бирок норма дагы, адабий тил дагы катып калган, эч кандай өзгөрүүгө учурабас, өзгөрбөс нерсе эмес. Алар жаралгандан эле өзгөрүлмөлүү, өнүгүү тенденциясы күч көрүнүштөрдөн. Тилге дагы, нормага дагы "өзгөрүлмөлүү туруктуулук", "туруктуу өзгөрүүчүлүк" тенденциясы мүнөздүү. Муну дүйнөлүк тилдердин өнүгүү процесси, ал тилдердин адабий нормаларындагы өнүгүүлөрдү изилдеген чоң-чоң окумуштуулар ачык белгилеп жүрүшөт. Аны койсок да кыргыз адабий тилинин эле улуттук доордогу өнүгүшүнүн, анын нормасынын канча жолу, кандай, кантип өзгөргөндүгүнө, мына, өзүбүз күбө болуп эле келатабыз го... Адабий тилдин өзүн да, анын нормасын да катып калган сенек нерседей көрбөшүбүз, карабашыбыз, аларга ошондой өңүттө мамиле кылбашыбыз керек. Адабий тил өнүгөт, өзгөрөт деп, анын ар кандай булактары – ички жана сырткы булактары жөнүндө такай кеп кылабыз. Эгерде адабий тил өнүксө, өркүндөсө, демек, ал жерде белгилүү даражада өзгөрүү болду, ал өзгөрүү же жаңынын жаралышы, эскинин кетиши же азайуу, же көбөйүү менен мүнөздөлөт. Бул өзгөрүү колдонулуп жүргөн норманын да өзгөрүшүн шарттайт, норманын ошолорго тиешелүү тигил же бул өңүтү кошо өзгөрөт. Ушуга байланыштуу норманын ошол өңүтүнө да өзгөртүү киргизүү – норманы кайра нормалаштыруу, аны кодификациялоо зарылчылыгы аркылуу улантылат.

Норманы нормалаштыруу дегенде тилдик кайсы элемент-бирдиктер жөнүндө, кайсы нормаларды нормалаштыруу жөнүндө кеп-сөз болуп жатат...? деген суроо жаралышы мүмкүн. Биринчиден, айтылыштардын нормалары жөнүндө – жеке тыбыштын айтылышы, тыбыштык тизмектердин айтылышы, грамматикалык формалардын айтылышы, алардын

сөздөргө улангандагы айтылыштары, синтаксистик айтылыш жана бул айтылыштардын жазылыш нормалары; экинчиден, ушул айтылыштардын жазылыш нормалары кандай болуш керек жана алар кандай принциптердин негизинде кантип жазылыш керек, эмне үчүн ошол вариантта жазылыш керектигин көрсөткөн нормалар; үчүнчүдөн, дублеттердин, фонетикалык варианттардын, лексикалык варианттардын, морфологиялык варианттардын, синтаксистик вариаттардын нормаларын нормалаштыруу жөнүндө кеп-сөз болуп жаткан болот. Ушул айтылыш, жазылыш жана варианттардын нормаларын кодификациялоо жөнүндө сөз болуп жатат. Булар – улуттук доордогу кыргыз улуттук адабий тилинин өзүнө тиешелүү илимий-теориялык дагы, практикалык дагы маселелери. Булардын айрымдары, албетте, илимий-теориялык мүнөздө болбосо да, окутуу, үйрөтүү менен байланышкан таза практикалык зарылчылыктан чыгып чечмеленген, айрымдарына илимий-теориялык өңүттө да, практикалык өңүттө да кыргыз тилчилеринин колу жете элек. Бул багытта илимий талкууга алынчу маселелер арбын. Тилибиз өзүнүн күчтүү грамматикалык ички законунун негизинде гана чаржайыт кетпей стихиялык жактан өнүгүүсүн улантууда...

Албетте, улуттук доордогу кыргыз улуттук адабий тили жөнүндөгү илимий-теориялык маселелерди терең изилдөө менен анын туруктуулугун, функционалдык поливаленттүүлүгүн, нормативдүүлүгүн сактоо, өнүктүрүү жана колдоо бүгүнкү күндөгү өтө маанилүү маселе. Мында нормализация ишмердиги, тилге сырттан таасир этүү аракети тилдин өзүнүн ички иммаенттүү табигый өнүгүү тенденциясына каршы келбеши керек, тилдин өнүгүү, өркүндөө тендециясына каршы келген нормалар өзгөртүлүп, ага шайкеш келчүү жагдай норма катары нормалаштырылышы зарыл. "Норма консервативдүү болушу керек" деген талап тилдик өнүгүүнүн ички имманентүү законуна, тенденциясына шайкеш каралышы зарыл. Бул үчүн коом тилдик өнүгүүнүн багыт тенденциясын, коомдогу тилдик кырдаалды туура түшүнүп, туура баамдап, так элестетиш керек. Ошол эле учурда норманын туруктуулугу, ийкемдүүлүгү (пластичность, гибкость нормы) жана динамикалуулугу анын өз табиятына мүнөздүү. Бул анын тилдеги синонимдикке, вариантуулукка, пареллелдүүлүккө жол берген мүмкүнчүлүгүндө көрүнөт. Норманын туруктуулугу анын ийкемдүүлүгүндө жана динамикалуулугунда. Норманын бошоңдугу, ийкемдүүлүгү, динамикалуулугу анын туруктуулугун, структуралуулугун, катаңдыгын сактоого, өнүктүрүүгө багытталышы зарыл. Ошондо норма өз табиятына ылайык улуттук адабий тилдин функционалдык поливалентүүлүгүндө турган тилдин нормасы катары каралат.

Улуттук доордогу улуттук адабий тилдик норманын ушул касиетин кеп маданияты жана адабий тил маселелери боюнча атайын изилдөө жүргүзүп келген окумуштуу Л. И. Скворцов минтип белгилейт: "Языковая норма, понимаемая, в ее динамическом аспекте, есть обусловленный социально-істоческий результат речевой деятельности, закрепляющей традиционные реализации систем (языка – С. М.) или творящей новые языковые факты в условиях их связи как с потенциальными возможностями системы языка, с одной стороны, так и с реализованными образцами – с другой" [1, 53]. Демек, норма, айрымдар белгилеп жүргөндөй, катып калган сенек көрүнүш эмес, ал, бир жагынан, катаң, туруктуу, милдеттүү, экинчи жагынан, бошоң, ийкемдүү, динамикалдуу. Норманын ушул эки жактуу мүмкүнчүлүгү анын варианттуулугун көрсөтөт, б. а. варианттуулуктун да нормативдүүлүгүнүн себеби болот. Маселе ушуларды нормалаштыруу жана аларды илимий негизде кодификациялоо...

**Адабияттар:**


1. Скворцов Л.И. Норма. Литературный язык. Культура речи // Актуальные проблемы культуры речи. - М.: Наука, 1970.
2. Тыныстанов К. Десять лет борьбы за новый алфавит в Киргизии. КР УИАнын Кол жазмалар фондусу. Инвент. 7. – 1937.
3. Юнусалиев Б.М. Кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери. – 1954
4. Юнусалиев Б.М. Адабий тилдин кээ бир маселелери. – Фрунзе, 1958.